Кыргыз республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОРБОРУ**

# ПЕДАГОГИКА КАФЕДРАСЫНЫН ПАСПОРТУ

**Кафедранын миссиясы: Педагогика илимин өнүктүрүү менен компетенттүү адистерди даярдоону иш жүзөгө ашыруу.**

**2017- жыл**

**«ПЕДАГОГИКА КАФЕДРАСЫНЫН ПАСПОРТУ»** Педагогика кафедрасынын отурумунда талкууланып бекитилген. Протоколу №2, 10.10.2017.

ТҮЗҮҮЧҮ: Шадиев Н.С. п.и.к., доцент

# МАЗМУНУ


1. Педагогика кафедрасынын ишмердигинин негизги багыттары. . . . . . . . . .4
2. Кафедранын тарыхы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 6
3. Кафедранын максаттары жана милдеттери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .9
4. Педагогика кафедрасындагы окутулуучу дисциплиналар (модуль) боюнча компетециялардын матрицасы (картасы). . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .10
5. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .11
6. Кафедранын окутуучуларынын илимий-изилдөө иштери. . . . . . . . . . . . . 12
7. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамынын сыйлыктары жөнүндө маалымат. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .13
8. Педагогика кафедрасынын структурасы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .16
9. Кафедранын башка жождор менен байланышы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 16
10. Кафедранын окуу-усулдук иштери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .17
11. Студенттердин илимий–изилдөөиштери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 17
12. Кафедранын материалдык–техникалык базасы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
13. Кафедранын маданий - тарбиялык, профориентациялык жана коомдук иштери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
14. Кафедранын профсоюздук иши. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .19
15. Кафедранын дареги. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .19

## ПЕДАГОГИКА КАФЕДРАСЫНЫН ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ



**КАФЕДРАНЫН МИССИЯСЫ:** *Педагогика илимин өнүктүрүү менен компетенттүү адистерди даярдоону иш жүзөгө ашыруу.*

**Кафедранын ишмердигинин мазмуну жана милдеттери:**

**БИРИНЧИ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ:** *"Билим берүү ишмердигин модернизациялоо"* – билим берүү процесиндеги илимий-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын интеграциялоо:

- ✓ Мамлекеттик жогорку билим берүү стандартынын III муунун практикада жайылтуу (реялизациялоо);
- ✓ факультеттердеги негизги билим берүү программасынын мазмунуна сунуштарды берип туруу;
- ✓ бакалавр жана магистратуранын модулдук программаларын жана окуу-методикалык комплекстерин толуктоо, жаңылап туруу;
- ✓ бакалавр жана магистратуранын программаларын негизинде балоо каражаттарынын фондун, тапшырмалар банкын иштеп чыгуу;
- ✓ студенттерди компетентүүлүкө негиздеп окутуунун чегинде жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун программаларын иштеп чыгуу, жаңылап туруу;
- ✓ билим берүү программаларынын тарбиялык потенциялын жайылтуу.

**ЭКИНЧИ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ:** - *"Инновациялык ишмердүүлүктү жана илимий-изилдөө иштерин модернизациялоо"* кафедранын окутуучуларынын илимий-изилдөө иштерин активдештирүү:

- ✓ кафедранын окутуучуларынын перспективдүү илимий - изилдөө программаларын иштеп чыгуу жана жайылтуу;
- ✓ илимий - изилдөө иштерине гранттарды алуу үчүн долбоорлорду иштеп чыгуу жана жыйынтыктарын публикациялоо;
- ✓ РИНЦке катталган журналдарга окутуу процессинин жана илимий-изилдөө иштердин жыйынтыгын жарыялап туруу.

**ҮЧҮНЧҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ: -** *“Социалдык өнөктөштүктү жайылтуу”* билим берүү жана илимий мекемелер менен кызматташтыкты өнүктүрүү:

- ✓ Ички өнөктөштүк, ОшМунун факультеттердеги методика кафедралары менен ишкер карым-катнашты уюштуруу;
- ✓ Сырткы өнөктөштүк, КРнын, жана коңшу мамлекеттердин билим берүү мекемелери менен тыгыз байланышты колго алуу;
- ✓ КРнын ЖОЖдорунун педагогика кафедралары менен алакада болуу.

**ТӨРТҮНЧҮ СТРАТЕГИЯЛЫК БАГЫТ: -** *“Кафедранын кадрдык патенциялын өнүктүрүү”* кафедранын кызматкерлеринин кесиптик жана инсандык жактан өсүүсү үчүн шарттарды түзүүгө жетишүү:

- ✓ перспективдүү жаштардын өнүгүсүү үчүн шарттарды түзүп берүү;
- ✓ жаш окутуучларды комплекстүү илимий-изилдөө иштерине тартуу жана программаларга ылайык жыйынтыктарын жайылтып туруу;
- ✓ жаш окутуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн жаңы форматын иштеп чыгуу;
- ✓ кафедранын окутуучуларынын жекече карьераларын пландоо.

## 1. КАФЕДРАНЫН ТАРЫХЫ

Ош МУнун педагогика кафедрасы – университеттин тарыхы менен тамырлаш түптүү кафедралардын бири. Учурда кафедрада 5 илимдин кандидаты, доценттер, 6 улук окутуучу, 3 окутуучу – баары болуп 14 окутуучу эмгектенет.

Тарыхый фактыларга таянуу менен педагогика кафедрасынын жаралуу жана өнүгүү жолуна сарасеп салалы. “Кыргызстан КП (б) БКнын 1939-жылдын 22-25-февралында болгон 3-съездинде кабыл алынган резолюцияда Ош шаарында мугалимдер институтун ачуу демилгеленген. Кыргызстан Эл комиссарлар Советинин 1939-жылдын 10-августундагы жыйынын № 1142 протоколунда Ош шаарында Ош мугалимдер институтунун ачылган.” [1] Кафедранын түптөлүү тарыхы да ошол жылдара туура келет. Арийне, ошол мезгилдерде педагогика жана психология предметтерин бир гана Акрам Ганиевич Кайбышев окуп баштаган.

1944 – жылы пеагогика кафедрасы түзүлүп, Кыргыз ССРнин Эл агартуу комиссариятынын сунушу менен Акрам Ганиевич Кайбышев кафедра башчасынын милдетин атккаруучу болуп дайындалган. Ошол жылдарда кафедранын окутуучулук – профессордук курамы үч кишиден турган. 1948 – 1952 – жж. кафедраны М.Григорев жетектеген.

1951-58-жылдары педагогика жана психология кафедрасы болуп уюштурулуп, психология илимдеринин кандидаты, доцент Г.С.Медельян башкарган. Кафедранын составында 1954-60-жылдары болочок көрүнүктүү партиялык, мамлекеттик ишмер Эмилбек Абакиров, илимдин кандидаты

[1] Исаков К.А. ж.б. Ош мугалимдер институтунан башталган жол. – Ош, 2014, 3-б.

З.П.Игнатьева, улук окутуучулар Н.Старостина, Д.М.Лондон жана башкалар эмгектенишкен.

1958-1971-жылдары кафедраны психология илимдеринин кандидаты, доцент В.И.Овчинников жетектеген. Кафедрада Б.Апышев, Ж.Бешимов, Т.Ормонов, Н.Е.Варламова, А.С.Ким, С.Токторбаев, Б.Тойбаев, К.Абидов, М.Абдулина, С.Салихова эмгек жолун башташкан.

1971-73-жылдары кафедраны доцент Б.Тойбаев, 1974-76-жылдары доцент К.Жумабаев, 1977-79-жылдары доцент Ж.Бешимовдор башкарган. Ж.Бешимов кафедра башчысы болуп турган мезгилде, педагогика жана психология кафедрасы 2 кафедрага: жалпы ОГПИнин факультеттер аралык *«Педагогика жана психология»* жана педагогика факультетинин базасында уюштурулган *«Педагогика жана психология»* кафедрасы болуп бөлүнгөн. Ал эми экинчи кафедраны 1978-1985-жылдары доцент Т.Ормонов жетектеп келген.

Т.Ормонов кандидаттык диссертациясын 1972-жылы Казань шаарында, Б.Апышев 1974-жылы Москва шаарында, Ж.Бешимов 1975-жылы Казань шаарында, ал эми К.Миңбаев 1976-жылы Ташкент шаарында кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргоп келишкен.

1979-1987-жылдары кафедраны доцент Б.Апышев жетектеп, 1980-жылдан баштап таланттуу уюштуруучу, радикал-жетекчи ректор С.Жумагулов жөндөмдүү, аракетчил, изилдөөчү окутуучуларды бир, эки жылдык стажировкаларга Москва, Казань, Алма-Ата шаарларына жибере баштаган. Ал мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, кыска мөөнөттүн ичинде педагогика, психология илимдери боюнча окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн жоон тобу пайда болду. Алгач, К.Абдилакимов, У.Эгембердиев, К.Мурзаев, Ж.Алымкулов, Б.Тажикова, Ж.Орозбаев, А.Исаевдер, кийинчерээк: А.Батыралиев, Э.Иманкулова, Т.Жоробеков, А.Бердиевдер кандидаттык диссертацияларын жемиштүү коргошкон. Кафедранын илимий потенциалын жогорулатуу максатында окумуштуу-психолог А.Аманов кафедрага башка республикадан чакыртылып келинген.

1987-жылы «Педагогика» жана «Психология» кафедраларына бөлүнүп, биринчисин 1987-1993-жылдары доцент К.Мурзаев жетектеген.

Педагогика кафедрасын 1995-жылдан 2005-жылга чейин педагогика илимдеринин кандидаты, доцент А.Батыралиев, ал эми 2005 – 2017 – жылдар аралыгында кафедраны педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б.Тажикова жетектеген.

2017 – жылдын, июнь айынан бери педагогика кафедрасынын башчысы болуп педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Н.С.Шадиев дайындалган.

## КАФЕДРА БАШЧЫЛАРЫ

| № | Ф.А.А. | илимий даражасы, наамы | жылдары |
|---|---|---|---|
| 1. | Кайбышев А.Г. | доценттин м.а. | 1944-48-жж. |
| 2. | Григорев М. | доцент | 1948-51-жж. |
| 3. | Медельян Г.С. | психология илимдеринин кандидаты, доцент | 1951-58-жж. |
| 4. | Овчинников В.И. | психология илимдеринин кандидаты, доцент | 1958-71-жж. |
| 5. | Тойбаев Б. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 1971-73-жж. |
| 6. | Жумабаев К.Ж. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 1974-76-жж. |
| 7. | Бешимов Ж. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 1977-79-жж. |
| 8. | Апышев Б.А. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 1979-87-жж. |
| 9. | Мурзаев К. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 1987-94-жж. |
| 10. | Батыралиев А.Б. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 1995-2005-жж. |
| 11. | Тажикова Б.Ш. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 2006-2017-жж. |
| 12. | Шадиев Н.С. | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент | 2017-ж. бери |

## 2. КАФЕДРАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

- ✓ Факультеттердин НББПна ылайык педагогикалык билим берүү багыты боюнча мугалимдик адистиктеринде кафедранын дисциплиналары боюнча лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды алып баруу;
- ✓ Окутуунун жаңы, заманбап жана инновациялык технологияларын окутууда пайдаланууну өркүндөтүү;
- ✓ Студенттерде кафедрадагы окутулуучу дисциплиналар боюнча билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү калыптандыруу;
- ✓ Студенттерди окутууда алган билимдерин жана көндүмдөрүн тиешелүү адис катарында колдоно билүүгө көнүктүрүү;
- ✓ Педагогикалык багыттагы адистиктердеги студенттерди алган билимдерин практика жүзүндө пайдалана билүүгө калыптандыруу;
- ✓ Окутууну практика менен тыгыз байланышта алып бару жана заманбап инновациялыкк технологияларды терең үйрөнүүгө өбөлгө түзүү;
- ✓ Кафедранын ишин жогорку сапаттык деңгээлде уюштуруу;
- ✓ Лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактарды окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу менен жогорку илимий–усулдук деңгээлде алып баруу;
- ✓ Кафедранын дисциплиналары боюнча лекциялык, практикалык сабактардын электрондук варианттарын, электрондук окуу китептерин жана колдонмолорун даярдоону өркүндөтүү;
- ✓ Кафедранын илимий-методикалы киштерин уюштуруу;
- ✓ Окутуучулар, студенттер үчүн методикалык окуу–колдонмолорду жарыкка чыгарууну өркүндөтүү;
- ✓ Кафедранын багыттары боюнча илимий–изилдөө иштерин аткаруу;
- ✓ Кафедранын окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу;
- ✓ Окуп-үйрөнүү, квалификациялык жана диплом алдындагы практикаларды сапаттуу уюштуруу жана өткөрүү;
- ✓ Студенттер үчүн маданий–тарбиялык иш–чараларды жүргүзүү.

## 3. ПЕДАГОГИКА КАФЕДРАСЫНДАГЫ ОКУТУЛУУЧУ ДИСЦИПЛИНАЛАР (МОДУЛЬ) БОЮНЧА КОМПЕТЕЦИЯЛАРДЫН МАТРИЦАСЫ (КАРТАСЫ)

| Күтүлүүчү натыйжалар (компетенциялар) | Педагогика 4кр, III | | Педагогика 4кр, IV | | Педагогика 2 кр, V | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Педагогика илимдеринин тарыхый өбелгөлөрү | Педагогикалык ишмердүүлүккө киришүү | Тарбиянын теориясы | Окутуунун технологиялары | Билим берүү системаларын башкаруу | Социалдык педагогика |
| **ЖК 1** | A | C | | | | |
| **ЖК 2** | D | A | | | | |
| **ЖК 3** | | D | A | A | | |
| **ЖК 4** | | D | A | A | | |
| **ЖК 5** | A | C | D | D | | |
| **ЖК 6** | | | D | A | | |
| **ИК 4** | | | | | A | |
| **ИК 5** | | A | D | D | D | A |
| **СЛК 1** | | A | D | D | C | A |
| **КК 1** | | D | A | A | | |
| **КК 2** | | | D | A | | |
| **КК 4** | C | | A | A | C | A |
| **КК 5** | | | A | A | | |
| **КК 7** | | | D | A | | |
| **КК 8** | | | D | A | | |
| **КК 9** | | | A | D | | |

**A – таасири күчтүү,** **D – таасири орто,** **C – кыйыр таасир этет**

## 4. КАФЕДРАНЫН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫ

| № | Ф.А.А. | туул. жылы | бүтүр. окуу жайы | ээлеген кызматы | эмгек стажы | | илимий дараж. | конк. өткөн жылы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | жалпы | Ош МУ дагы | | |
| 1. | Шадиев Нурланбек Сатинбаевич | 03.06. 1973 | ОшМУ музфак, 1996-ж. | каф.башч ., доцент | 20 | 19 | п.и.к., доц. | 2013 |
| 2. | Тажикова Бактыгүл Шариповна | 07.05. 1954 | ОГПИ филфак, 1976-ж. | доцент | 33 | 33 | п.и.к., доц. | 2015 |
| 3. | Колдошев Мисиралы Колдошевич | 15.03. 1954 | ОГПИ физмат, 1975-ж. | доцент | 44 | 33 | п.и.к., доц. | 2015 |
| 4. | Акматов Кыялбек Камутович | 29.03. 1983 | ОшМУ, кырг.фил 2004-ж. | доцент | 15 | 13 | п.и.к., доц. | 2013 |
| 5. | Жутанова Гулмира Жутановна | 17.06. 1967 | ОшПИ кырлит, 1987-ж. | доц.м.а. | 22 | 11 | п.и.к., доц. | 2015 |
| 6. | Сапарова Бадам Сапаровна | 18.03. 1944 | ОГПИ биофак, 1969-ж. | улук окут. | 46 | 33 | | приказ менен |
| 7. | Жакупова Галина Спатаевна | 10.11. 1957 | ОГПИ биофак, 1979-ж. | улук окут. | 30 | 30 | | приказ менен |
| 8. | Бегматов Студент Искендерович | 05.12. 1963 | ОГПИ филфак, 1990-ж. | улук окут. | 24 | 15 | | 2005 |
| 9. | Былыкова Махабат Максатовна | 02.02. 1973 | ОГПИ филфак, 1995-ж. | улук окут. | 16 | 13 | | 2015 |
| 10. | Байсубанова Венера Андреевна | 16.01. 1961 | КГУ, 1985 КГЖПИ, 1991 | улук окут. | 30 | 21 | | 2008 |
| 11. | Маматова Жибек Топчубаевна | 01.05. 1965 | ОГПИ физмат, 1990-ж., | окутуучу | 19 | 19 | | приказ менен |
| 12. | Бубаева Зайно Жолдошовна | 05.02. 1961 | ОГПИ кырлит, 1987-ж. | окутуучу | 26 | 7 | | приказ менен |
| 13. | Айдарова Жыпаргүл Мусаевна | 28.08. 1980 | ОГПИ педфак, 2001-ж. | окутуучу | 15 | 15 | | приказ менен |
| 14. | Абдыманап кызы Айгул | 20.05. 1991 | БГУ, психол 2013-ж. | окутуучу | 4 | 4 | | приказ менен |
| 15. | Муктарбек кызы Мыскал | 23.07. 1992 | ОшГУ, БиМ, 2015-ж. | Улук лаборант | 2 | 2 | | приказ менен |

**Кафедранын профессордук–окутуучулук курамынын сапаттык көрсөткүчү 35,71 % ды түзөт.**

## 5. КАФЕДРАНЫН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ

2000-жылдан бери Б.Апышевдин «Мухаммед пайгамбардын таалим-тарбия жөнүндөгү даанышман ойлору» (2001-ж.), Д.Бабаев, Т.Жоробековдор менен авторлош «Педагогика» (2002-ж.), «Дидактика» (2006-ж.), «Тарбия жараяны» (2008-ж.) окуу китептери, А.Батыралиевдин «Педагогикалык теориялар, системалар, технологиялар» курсу боюнча колдонмолору жана башка окутуучулардын көптөгөн методикалык иштелмелери жана көрсөтмөлөрү жарык көрдү. Эл аралык жана республикалык масштабдагы илимий конференцияларда окутуу, тарбиянын актуалдуу проблемалары боюнча докладдар окулуп, илимий макалалар жарыкка чыгарылууда.

Кафедранын доценти Б.Тажикованын жазган проектиси «Сорос Кыргызстан» фондунун грантын утуп, ***«Личность и воспитание: Роль образовательных технологий в современной школе»*** деген темадагы эл аралык илимий-практикалык конференцияны фонддун каржылоосу (7,5 миң доллар) аркылуу өткөрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду жана азыркы талапка ылайык жооп бере турган техникалык жана илимий булактары бар «Билим берүү борборун» жана педагогикалык лабораторияны ачууга жетишти.

Окутуучулар жалпы университеттик масштабда окуу-тарбия иштерин жүргүзгөндүктөн, элүү жылдан ашуун мезгил ичиндеги бүтүрүүчүлөрдү, бардык көрүнүктүү инсандарды кафедра тарбиялап чыкты десек жаңылышпайбыз. Бүтүрүүчүлөр менен кафедра дайыма байланышта.

Өкмөт тарабынан кафедранын окутуучулары түрдүү сыйлыктарга ээ болгон. Мисалга алсак, Ж.Бешимов, С.Ким, Д.М.Лондон, К.Жумабаев, Б.Сапарова, М.Мусакеев, К.Рустамова, Б.Тажикова, Г.Жакупова, А.Эгембердиевалар ***Кыргыз Республикасынын «Элге билим берүүнүн мыктылары»*** деген наамга татыктуу болушкан. Ал эми профессор Б.Апышев ***«Даңк», «Ардак»*** медалдарынын ээси болуу менен биргеликте 2008-жылы ***Эл аралык «Руханият» сыйлыгынын лауреаты*** болгон.

Кафедра бүгүнкү күндө бардык предметтердин жумушчу программаларын, силлабустарын иштеп чыкты жана алар башка окуу жайларында да ийгиликтүү колдонулуп келе жатат.

2003-жылы доцент М.Бабаев илимий эмгегин ийгиликтүү коргоду. Ал эми улук окутуулар Н.Шадиев менен К.Акматов 2011-жылы жана Г.Жутанова 2015-жылы кандидаттык диссертациясын коргошту.

Доцент Б.Апышев, профессор Д.Бабаев, доцент Т.Жоробековдор кыргыздын элдик педагогикасынын идеялары менен азыркы дүйнөлүк илимий педагогиканын жетишкендиктерин айкалыштырган педагогиканын толук курсунун базалык окуу китебин республиканын билим жана маданият министрлигинин грифи менен жарыкка чыгарышып окурмандардын алдына коюшту.

Республикада билим берүү майданында жүргүзүлүп жаткан реформа алардын илимий-педагогикалык негиздерин иштеп чыгууда жана реформалардын идеяларын иш жүзүнө ашырууда чыгармачылык менен өз салымдарын кошо турган мугалим кадрларын даярдоодо кафедра чечүүчү звенолордун бири болуп кала бермекчи.


## 6. КАФЕДРАНЫН ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМЫНЫН СЫЙЛЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

<table>
<tr><th rowspan="2">№</th><th rowspan="2">Аты-жөнү</th><th rowspan="2">Илимий даражасы ээлеген кызматы</th><th colspan="2">Алган сыйлыктары</th><th rowspan="2">Кол тамгасы</th></tr>
<tr><th>Сыйлыктардын аталышы</th><th>Алган жылы</th></tr>
<tr><td rowspan="4">1.</td><td rowspan="4">Шадиев Н.С.</td><td rowspan="4">Каф.башч. п.и.к., доцент</td><td>Профкомитеттин ардак грамотасы</td><td>2001</td><td rowspan="3"></td></tr>
<tr><td>Илимий иштер боюнча диплом</td><td>2011</td></tr>
<tr><td>Ош МУнун Ардак грамотасы.</td><td>2013</td></tr>
<tr><td>КРнын Билим берүү жана илим министирлигинин Ардак грамотасы</td><td>2016</td><td></td></tr>
<tr><td rowspan="2">2.</td><td rowspan="2">Тажикова Б.Ш.</td><td rowspan="2">п.и.к.,доцент</td><td>ОшМУнун “Ардак грамотасы”</td><td>2009</td><td rowspan="2"></td></tr>
<tr><td>Ош Мэриясынын “Ардак грамотасы”,</td><td>2007</td></tr>
</table>


| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” төш белгиси. | 2002 | |
| | | | “Билим берүүнүн мыктысы” | 2005 | |
| 3. | Колдошев М.К. | п.и.к.,доцент | ОшМУнун “Ардак рамотасы” | 2011 | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” | 2003 | |
| | | | “Билим берүүнүн мыктысы” | 2007 | |
| 4. | Акматов К.К. | п.и.к. | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын “Кыргыз тили” төш белгиси | 2011 | |
| | | | Карасуу райондук элге элге билим берүү бөлүмүнүн “Жылдын мыкты мугалими-2003” кароо-сынагына катышкандыгы үчүн “Ардак грамота” (Карасуу шаары) | 2003 | |
| | | | Жаш акын-жазуучулардын конкурсуна активдүү катышкандыгы үчүн Ош шаарынын мэрясынын “Грамотасы” | 2004 | |
| | | | Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын “1-даражадагы диплому”<br>Кыргыз республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил комиссиясынын “Ардак грамотасы” (Бишкек шаары) | 2005<br>2005 | |
| | | | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | 2005 | |
| | | | “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси | 2006 | |
| | | | Ош МУнун “Ардак грамотасы” | 2006 | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил комиссиянын “Диплому” | 2006 | |
| | | | Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын “ардак грамотасы” | 2007 | |
| | | | Ош МУнун №18 гимназия мектебинин “Ардак грамотасы” | 2007 | |
| | | | “Ч. Айтматов – дүйнө элинин сыймыгы” аттуу кароо-сынакка активдүү катышкандыгы үчүн Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын “Ардак грамотасы” | 2008 | |
| | | | Ч. Айтматовдун 80 жылдыгына арналган адабий-музыкалык кечени өткөрүүгө активдүү катышкандыгы үчүн Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинин “Ардак граотасы” | 2008 | |
| | | | Мамлекеттик практиканы уюштурууда иновациялык багытта тарбиялоо менен усулдук жардам көрсөткөндүгү үчүн ОГПИнин “Ардак грамотасы” | 2008 | |
| | | | Мамлекетттик тилге байланышкан иш чараларды уюштурууга активдүү катыкандыгы үчүн Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинин “Грамотасы” | 2008 | |
| | | | “Мыкты окуу-методикалык комплекс-2010” конкурсунда 1 даражадагы диплому | 2011 | |
| | | | “Манасчылардын” кароо-сынагында 2-орунду алгандыгы үчүн Ош шаардык маданият башкармалыгынын Диплому | 2011 | |
| 5. | Сапарова | улук окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Б.С. | | Ош Мээриясынын “Ардак грамотасы”, | | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” төш белгиси | | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” төш белгиси | | |
| 6. | Бегматов С.И. | улук окут. | ОшМУнун профкомунун грамотасы | 2001 | |
| | | | Илим жана билим профсоюзунун Республикалык кеңешинин “Ардак грамотасы” | 2003 | |
| | | | Кыргыз Республикасынын илим жана билим профсоюздук кыймылынын мыктысы төш белгиси | 2006 | |
| | | | ОшМУнун акчалай сыйлыгы | 2007 | |
| | | | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | 2009 | |
| 7. | Былыкова М.М. | улук окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | | |
| 8. | Жутанова Г. А. | улук окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” төш белгиси | | |
| | | | Эл агартуунун отличниги | 2011 | |
| 9. | Байсубанова В.А. | улук окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | 2004-2011 | |
| | | | Кыргыз Республикасынын Билим жана илим министрлигинин “Ардак грамотасы” | 2005 | |
| | | | “Билим берүүнүн мыктысы” | 2010 | |
| 10. | Бубаева З.Ж. | улук окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | 2011 | |
| 11. | Маматова Ж.Т. | окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | 2010 | |
| 12. | Айдарова Ж.М. | окут. | ОшМУнун “Ардак грамотасы” | 2011 | |

## 7. ПЕДАГОГИКА КАФЕДРАСЫНЫН СТРУКТУРАСЫ




## 8. КАФЕДРАНЫН БАШКА ЖОЖДОР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ



## 9. КАФЕДРАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ИШТЕРИ

Кафедранын мүчөлөрүнүн илимий изилдөө жана усулдук иштеринин жыйынтыктары, кафедранын мүчөлөрүнүн ачыксабактары жана сабактарга өз ара катышууларын уюштурулатурган ***кафедранын илимий-усулдук семинарын да*** талкуулоо максаты коюлууда.

***Студенттердин өзалдынча иштери н***уюштуруу жана кабыл алуу кафедрада 2002–жылдан бери практикаланып келе жаткан модулдук-рейтингдик системага ылайыкар түрдүү формада жүргүзүлөт.

Программалообагытындагыпредметтербоюнчаөзалдынчаиштер, модулдар-курстук долбоор, тест, коллоквиум ж.б. формаларда кабыл алуу ийгиликтүү колдонулуп келе жатат.

Кафедрада дисциплиналар боюнча модулдар - текшерүү иш, тест, коллоквиум, курстук долбоор жана жекече тапшырмалар түрүндө кабыл алынып, ар бир жарым жылдыктын аягында жыйынтыкталып, тиешелүү материалдар кафедрада сактоо маселеси пландаштырылды.

Дисциплиналар боюнча өз алдынча иштердин, курстук долбоорлордун жана модулдардын аткарылышын тиешелүү окутуучулар тарабынан системалуу көзөмөлдөө, консультациялар, кошумча сабактар өтүү жана кезметчилик убагында системалуу түрдө жекече жана топтук консультациялар берүү менен жүргүзүү пландалууда.

Методдорду жайылтуу максатында ***ачык сабактар*** өтүлүп, сабактарга өз-ара катышуулар жүргүзүү жана кафедранын илимий-усулдук семинарында ***баяндамалар жасалып жатат.***

## 10. СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМИЙ–ИЗИЛДӨӨИШТЕРИ

***Студенттердин илимий–изилдөө иштери*** курстук долбоор, баяндама, илимийийрим, рефераттардыжаздыруужанаолимпиадагадаярдоо, илимий конференцияларга катышуу, макала жазуу, дипломдук жана квалификациялык иштерди коргооформасында жүргүзүлөт.

## 11. КАФЕДРАНЫН МАТЕРИАЛДЫК–ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ

Кафедрага караштуу 2 кабинет: 122, 119 бар жана алар Интернет жана ОшМУнун Интранет тармактарына туташтырылган. Кафедранын окутуучулары Интернет тармагынан акысыз пайдаланышат. Кафедранын дисциплиналары боюнча сабактар Компьютердик борбордун атайын жабдылган класстарында өткөрүлөт. Кафедра ушулкомпьютердикклассстардын302, 303, 312, 305-аудиторияларынын жасалгаларын көзөмөлгөалат.

Кафедрада 10 дан ашык CD, DVDдисктерге жазылган электрондук окуу китептери жана колдонмолор, окутуучу программалар жана педагогикалык темадагы кино тасмалардын топтомдору бар жана аларды окутуучулар жанас туденттер кеңири колдонушууда.

ОшМУда кафедралар, факультеттер жана башка структуралык бөлүмдөр менен байланыш (документтердин файлдарын, кабарларды, ж.б. маалыматтарды жөнөтүү жана кабыл алуу) ички Интранет тармагы аркылуу CommFort программасы менен жүргүзүлүүдө (Сервердин дареги: 192.168.1.21, порт 9730).

## 12. КАФЕДРАНЫН МАДАНИЙ - ТАРБИЯЛЫК, ПРОФОРИЕНТАЦИЯЛЫК ЖАНА КООМДУК ИШТЕРИ

Кафедрадагы маданий-тарбиялык жана коомдук иштер пландалган жана учурдагы иш-чаралардын негизинде кафедранын ар бирмүчөсү жана атайын дайындалган жооптуу окутуучу тарабынан жүргүзүлөт.

Кафедранын окутуучулары факультеттин, университеттин жана шаардын деңгээлиндеги түрдүү маданий-тарбиялык жана коомдук иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө активдүү катышышат.

Кафедранын окутуучулары Ош, Жалалабат жана Баткен областтарында профориентациялык иштерди жүргүзүшөт.

## 13. КАФЕДРАНЫН ПРОФСОЮЗДУК ИШИ

Кафедранын профсоюз уюмунда 14 мүчө бар.

Профсоюз уюмунун жылына иш планы бекитилип турат. Иш планда эмгек тартибин сактоо, эмгек шартын түзүү, окутуучулардын эс алуусун уюштуруу, майрамдарды талапка ылайык өткөрүү, материалдык жардамга муктаж болгондорго жардам көрсөтүү, окутуучулардын сабактарына катышуу иштери каралган.

Профсоюз мүчөлөрү шарттарына жараша пансионат жана профилакторийлерде ден-соолугун чыңдашат жана материалдык жардам алып турушат.

## 14. КАФЕДРАНЫН ДАРЕГИ:

723500. Ош ш., А.Масалиев к., 91 а. Ош МУнун Педагогика жана дене тарбия факультетинин имараты. Педагогика кафедрасы. 122-каб.

E-mail: ped_kaf@mail.ru

Web-сайт: http://www.oshsu.kg